

# ТЕМА 3. КР «ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУКТАН САКТОО ЖАНА КОРГОО ЖӨНҮНДӨ» МЫЙЗАМЫНДАГЫ НЕГИЗГИ ТҮШҮНҮКТӨР ЖАНА ТААСИР ЭТҮҮ ЧӨЙРӨСҮ

## 2-лекция. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдардын укуктары

# «Үй-бүлө мүчөлөрү» терминин аныктамасы

КР «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамынын таасири үй-бүлө мүчөлөрүнө, бирге жашаган фактыдан көз карандысыз түрдө үй-бүлөнүн теңештирилген мүчөлөрүнө карата жайылтылат.

**Үй-бүлө мүчөлөрү** - бул:

- жубайлар,
- ата-энелер
- балдар,
- чоң энелер/чоң аталар,
- неберелер (кыз/эркек), камкорчулар/көзөмөлчүлөр жана камкордукка алынгандар,
- бала асырап алуучулар жана асырап алынгандар,
- багып алган ата-энелер жана багууга алынган балдар,
- мыйзамда белгиленген тартипте балдарды тарбиялоого алган башка адамдар,
- мурдагы жубайлар,
- өгөй энелер/өгөй аталар жана өгөй балдар,
- бир туугандар (толук же аталаш/энелеш),
- иш жүзүндөгү тарбиялоочулар алар бирге жашаган фактыга карабастан жана иш жүзүндөгү тарбиялануучулар.

# «Үй-бүлө мүчөлөрүнө теңештирилген» терминин аныктамасы

**Үй-бүлө мүчөлөрүнө теңештирилген адамдарга кирет:**

- иш жүзүндө нике мамилелеринде турган же мурда турган адамдар;
- эмгекке жарамсыз адамга же балага, же ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамга жана эмгекке жарамсыз же жашы жете элек адамдын түздөн-түз өзүн багууга колдоо көрсөтүүчү адам;
- жубайлардын, мурдагы жубайлардын же болбосо иш жүзүндө нике мамилелеринде турган же мурда тургандардын ата-энелери жана балдары;
- бирге жашаган фактыга карабастан, башка туугандары.

# Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдар

Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдар деп таанылат:

- ага үй-бүлөлүк зомбулук жасалган **үй-бүлө мүчөсү,**
- ага үй-бүлөлүк зомбулук жасалган **үй-бүлө мүчөсүнө теңештирилген адам**,
- үй-бүлөлүк зомбулукка күбө болгон балдар,
- үй-бүлөлүк зомбулукка күбө болгон майыптыгы бар адам.

# Мыйзамдын 5-беренеси үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамга төмөнкүдөй укуктарды берет:

1. мамлекеттик органдардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан жана үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу башка субъекттерден алардын өз компетенциясынын чегинде **кечиктирилгис укуктук, социалдык, медициналык, психологиялык жардам алууга жана үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоого;**
2. үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу субъекттер тарабынан алардын компетенциясынын чегинде коргоого жана коопсуздукту камсыз кылууга;
3. **убактылуу коргоо ордерин алууга;**
4. мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө мыйзамына ылайык **мамлекет кепилдеген консультациялык-укуктук жана квалификациялуу укуктук жардам алууга.**

# Мыйзамдын 5-беренеси үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамга төмөнкүдөй укуктарды берет (уландысы):

5. үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдар менен иштөөдө үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу субъекттерге белгилүү болуп калган жеке мүнөздөгү **маалыматтын купуялуулугуна;**

6. мүмкүнчүлүк бар болгондо жардам көрсөтүүчү **адисти тандоого;**

7. убактылуу коргоо ордерин берүү жөнүндө социалдык өнүктүрүү органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кабарлоодон баш тартууга. *Бул укук балдарга жана аракетке жөндөмсүз деп таанылган жарандарга карата жайылтылбайт.*